MANAS Din Bilimleri Araştırmaları Dergisi (MDBD) 2022 Cilt: 01 Sayı: 1
Manas Journal of Religious Sciences (MJRS) 2022 Volume: 01 No: 1

Research Paper / Araştırma Makalesi

# Адептик баалуулуктарды калыптандырууда үй-бүлөнүн ролу

Сайфулла БАЗАРКУЛОВ [1]

**Аннотация**

Тарбия үй-бүлөдөн башталат. Үй-бүлөдөгү таалим-тарбия баланын келечегин аныктоо менен коомдун жана өлкөнүн өнүгүүсүнө түз таасир этүүчү жараян. Тилекке каршы бүгүнкү күндө үй-бүлө тарыхый милдетин толук кандуу аткара албай калды. Үй-бүлөдө адептик баалуулуктар муундан-муунга өтүп келе жаткан ишенимдердин, принциптердин жана үрп-адаттардын жыйындысы болуп эсептелет. Балдарды турмушка даярдоо – үй-бүлө системасынын негизги максаты. Салттуу тарбия жараянында кыргыздарда макал-лакаптар элдин эмпирикалык тажрыйбасы катары кабылданып колдонулуп келет. Мындан улам кыргыздар балдарга «Адеп башаты тил» - деп баланын кичине кезинен эле нускалуу сөздөр менен тарбиялап, сезимдерине сиңирип келген. Салттуу кыргыз үй-бүлө системасында баланы тарбиялоо жар тандоо менен башталат. Мында «Жети атаны билүү» феномени өзгөчө ролду ойнойт. Болочок ата-эненин теги, тарыхы жана тарбиясы келечек муундун саламаттыгына, тарбиясына жана адебине таасир этет. Муну кыргыздар бала «Уядан эмнени көрсө ошону алат» - деп туюнтушкан. Адептик баалуулуктарды балага үйрөтүүдө атанын жана эненин өзүнчө орду жана ролу болгон. Ошондой эле адептик баалуулуктар эркек балрдарга жана кыздарга жаш өзгөчөлүгүнө карата да айырмаланып үйрөтүлгөн. Эркек балдарга «эр жигит» концепциясынын негизинде, ал эми кыздарга «кызга кырк үйдөн тыюу» деген түшүнүктө тарбия берилип келген.Бул макалада кыргыздын үй-бүлө салтында адептик баалуулуктарды калыптандыруу анализденет. Изилдөөдө теориялык ыкма колдонуу менен бүгүнкү ата-энелерге бала тарбиялоодо жол көрсөтүү максатталат.

*Ачкыч сөздөр*: үй-бүлө, ата-эне, бала, тарбия, баалуулук.

## The role of the family in the formation of moral values

**Abstract**

Education begins in the family. Family education is a process that directly affects the development of the society and the country and determines the future of the child. Today, the family cannot fully fulfill its historical function. Moral values in the family are a set of beliefs, principles and traditions that are passed down from generation to generation. Preparing children for life is the main purpose of the family system.The Kyrgyz have used proverbs as an empirical experience of the people in the traditional education process. For this reason, they start educating children by verbally appealing to their feelings from the first year with the words "Adep chief til/The head of morality is language". In the traditional Kyrgyz family system, raising children begins with the choice of a spouse. The fact of "knowing the seven ancestors/genealogy" plays a special role here. The background and upbringing of prospective parents affect the health, upbringing and morals of future generations. The Kyrgyz express it this way: "Whatever a child sees in kindergarten, he gets it." Parents have a special place and role in teaching moral values to children. Boys and girls were taught different moral values according to their age. Boys are brought up with the concept of "valiant", and girls with the understanding that "daughter is forbidden from forty houses". This article examines the adoption of moral values in the Kyrgyz family tradition. The study aims to guide today's parents in raising their children with a theoretical approach.

*Keywords:* family, parents, children, education, values.

[1] ОшМУ дин таануу жана жалпы билим берүү дисциплиналар кафедрасынын доценти, дин таануу и. доктору, sbazarkulov@gmail.com

## Киришүү

Баалуулуктар – бул адам жашоо-турмушунун багыттарын аныктоочу жана багыттоочу руханий күч болуп саналат. Баалуулук – көп мааниге ээ болгон кеңири түшүнүк. Оң мааниде жакшы, терс мааниде жаман деп, колдонулган тармактарга карата түрдүү маанилерде колдонулат. Кээде жакшы, ылайыктуу, көздөлгөн жана баалуу предметтерге (акча, кымбат буюм, атак, күч, ийгилик ж.б.) карата колдонулса, кээ бир учурда адамдарга нарктуу жана алар үчүн маанилүү деп эсептелген ишенимдерди өз ичине камтыйт. Мындан сырткары, баалуулук түшүнүгү кээде жакшы деп эсептелген конкретүү иш-аракет үчүн, кээде жакшы жана кооз деп абстракттуу өзгөчөлүгүнө карата да колдонулат.

Бүгүн салттуу коомдук түзүлүштөгү баалуулуктар, адеп-ахлак нормалары, жүрүм-турум эрежелери күн өткөн сайын өзгөрүүлөргө учурап, өткөн доордогу баалуулуктар өз маанисин жогото баштаган. Мындай ыкчам өзгөрүү адамдар ортосундагы өз ара алака түзүүнү татаалдаштыруу менен баалуулуктардын кагылышуусуна алып келүүдө. Натыйжада социалдык өзгөрүүлөр коомдо баалуулуктардын каатчылыгын шарттоосу руханий жана адептик баалуулуктар таалим-тарбиясынын олуттуулугун айгинелеп олтурат.

Ааламдашуу алкагында эркин соода жүргүзүү, байланыш каттамдардын көбөйүүсү, туризм жана байланыш каражаттарындагы өнүгүп-өзгөрүүлөр салты, дини, тили жана маданияты ар башка болгон элдердин бир чөйрөдө жанаша, бири-бири менен тыгыз байланышта жашоосун шарттады. Натыйжада, салттуу коомдун ордуна ачык жана көп маданияттуу коомдук түзүлүш кеңири жайылууда. Коомдо ар түрдүү маданияттардын көбөйүүсүнүн натыйжасында, кайсыл баалуулуктун туура жана өтүмдүү экендиги талаш маселеге айланды. Мындай абалда жаш өспүрүмдөргө салттуу баалуулуктарды калыптандыруу жараянын ишке ашыруу бир кыйла татаалдашууда.

Үй-бүлөдө адептик тарбия баланын коомдо өзүн алып жүрүү маданиятын, курчап турган адамдар менен туура мамиле түзүүнү үйрөтөт. Адептик тарбиялоо адамдык баалуулуктарды жана жүрүм-турумду калыптандыруу алкагында жүргүзүлөт. Адептик нормаларга чынчылдык, акыйкаттык, айкөлдүк, жоопкерчилик, абийирдүүлүк, уяттуулук, гумандуулук, тартиптүүлүк, улууларды урматтоо, кичүүлөрдү ызаттоо, эмгектенүүнү сүйүү жана ошондой патриоттуулук, ата-мекенди сүйүү, мыйзамдуулукту сактоо, атуулдук милдетти так аткаруу, кайрымдуулук жана башка ушул сыяктуу адептик баалуулуктар кирет. Адептүүлүк инсандын калыптанышынын эң баалуу көрсөткүчү катары байыртадан бери эле олуттуу кабылданып келген. Мына ошондуктан үй-бүлөдө адептик баалуулуктарды калыптандыруу дагы бир жолу өзүнүн актуалдуулугун көрсөтүүдө.

### Тарбия башаты үй-бүлө

Үй-бүлө, кыргыз элинде коомдун пайдубалын түзүп ага чоң маани берилет. Үй-бүлө – бул маданий-тарыхый жана социалдык психологиялык чөйрө, баланын турмуш мектеби. Ал эми бала үй-бүлөнү бекем сактап турган фактор. Адамдын жашоосу бала менен тыгыз байланышкан. Бала – бул өмүр, адамдын жашоосунун уландысы жана жашоо уюткусу болуп саналат. Ошондуктан бала үй-бүлөнүн тиреги, туткасы, ата-энелердин гана эмес бүтүндөй журттун артында из калтырып өлбөстүгүнүн, өсүп-өнүгүшүнүн шарты катары кабылданат.

Үй-бүлөнүн балалуу болуп, аны чоңойтуу, эрезеге жеткирүү, тарбиялоо адам баласындагы негизги жоопкерчиликтүү милдет. Кыргыз эли илгертеден эле үй-бүлөлүк тарбияга чоң маани берип келишкен. Ата-эне баланын биринчи тарбиячылары жана өмүрлүк устаты. Баланын келечеги, билими, маданияты, жүрүм-туруму дагы ата-эненин сиңирген эмгегине, таалим-тарбия берүүсүнө байланыштуу болот. Салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө балага мамиле - аны туура тарбиялоо менен байланышат.

«Тарбия – зор байлык», адамды тарбиялоо – өтө кыйын иш. Тарбия – түбөлүк категория, ал адам коомунун өнүгүшү менен бирге жашап жана өнүгүп турат. Бул иш зор камкордукту талап кылат. Элде «Ким өз жүрөгүн канатпаса, ал баланы тарбиялай албайт», – деп чечмелеген.

Эл ичинде «Баланы төрөйсүң го, бирок кыял-жоругун кошо төрөй албайсың», «Атаны тартып уул туулбайт, энени тартып кыз туулбайт», «Баланы айтып, деп, баштап оң жолго салбаса оңолбойт, адам болбойт» (Карасартова Ж.Б., Имангазиева Р.У., 2015) - деген кеп, сөздөр да баланы тарбиялоонун зарылдыгын айкындап турат.

Кыргыз эли тарбиялоонун максаты жана мазмуну жөнүндөгү кылымдардан берки түзүлгөн түптүү көз караштарын «адам кылуу» деген жөнөкөй жана улуу түшүнүк менен туюнтушат (Алимбеков, 1996, 50-б.). Кыргыз үй-бүлөсүндөгү тарбиянын структурасы жөнөкөй түзүлүшкө ээ болгондугуна карабастан анын таасирдүүлүгү, натыйжалуулугу өтө терең болуп, тарбиялануучунун кылык-жоругун, коомдук аракеттерин тартипке салып, көз жаздымдан чыгарбай, ар дайым көзөмөлдөп турган. Чындыгында «адам болуу» маселеси адамзат жаралгандан бери эле эң маанилүү көйгөй болуп келет жана кыяматка чейин да ушунда болот го. Анткени адам болуу бул адамзаттын жаратылыш миссиясын туюнтат эмеспи. Мына ошондуктан кыргыз эли байыртадан таалим-тарбияга чоң маани берип, ыйманызатты абдан аздектеген. «Адам бол» деген бийик талапты ар бир ата-эне бала сөзгө түшүнө баштагандан эле кулагына куюп, жандүйнөсүнө сиңире баштайт.

Адам баласы жарык дүйнөгө жакшы, же жаман, адептүү же адепсиз болуп келбейт. Ар кыл тааасир этүүчү факторлордун жыйындысы аны мындай же тигиндей кылып калыптандырат. Сырткы чөйрөнүн таасирин кабыл алып, аны таанып билүү менен гана чектелбестен, анын таасири менен бала жаман же жакшы сапатка ээ болот. Мында баланын сезгич, бат таасирленгич кезинде, анын дүйнөсүнө себилген тарбия «үрөндөрү» жемиштүү түшүм берерин турмуш тажрыйбасы далилдеген. Ошондон улам элдик педагогика чүрпөнүн тарбиясын, анын «уядагы» кезинен «көк бүчүр», «тал чыбык» учурунан баштоону зарыл деп санаган. Ошол үчүн «Бала көргөнүн кылат, көсөө түрткөнүн кылат», «Баланы башынан үйрөт, чырпыкты жашынан ий», деген даанышман макалдар жашайт.

Кыргыз элинин «Уядан эмнени көрсө, учканда ошону алат.» деген макалы бар. Ал жөн эле жеринен айтылган эмес. Уя – бул үй-бүлө. Уясынан алган көнүмүш, таалим-тарбия баланын жан-жаратылышына өчпөс тамга болуп басылып, аны өмүр бою коштоп жүрүп отурат. Баланын физикалык өсүшү жана аң-сезиминин калыптанышы, жан дүйнөсүнүн руханий пайдубалы алгач дал ушул үй-бүлөдө түптөлөт.

Кыргыз элинде баланы тарбиялоо жөнүндө бөтөнчө өзгөчөлүктөр бар. Кыргыз элинде макал-лакаптар байыркы замандан тартып эл оозунда жашап, ар дайым келечек муундарга таалим-тарбия берип келет. Үй-бүлөдөгү бала тарбиясында улуттук салттар, элдик оозеки чыгармалардагы педагогикалык үлгүлөр, макал-лакаптардын ролу чоң мааниге ээ. Макал-лакаптар дайыма кеңеш берип, жол көрсөтүү менен педагогикалык идеяны камтып үйрөтүүчүлүк таасири бар. Нечен кылымдар бою келаткан ата-бабанын акыл-насаат сөздөрү болгон макал-лакаптар, салт-санаасы, үрп-адаттары жана элдин улуттук маданияты тарбиянын түгөнбөс куралы катары колдонулуп келет.

Кыргыз коомунда "Үй-бүлө тарбиянын башаты" деп айтылат. Баланы тарбиялоо башаты канчалык эрте болсо, ошончолук пайдалуу боло тургандыгы тууралуу ой-пикирлер өкүм сүрөт. Алсак, «Бала тарбиясы жашынан, аял тарбиясы башынан», «Баланы жакшылыкка жетелеп жанаштыр, жамандыктан кубалап адаштыр», "Сүт менен бүткөн мүнөз сөөк менен кетет", "Жашында кылжың болсо, карыганда мылжың болот" – деп балдарды тарбиялоодо ата эненин ролу чоң экендиги баса көрсөтүлөт. Кыргыздарда элдин түшүнүгүндө адам жашында жабышкан жаман адат, өнөкөт өлгөндө калат. Мына ошондуктан «Жаш кезиңде билгениң ташка тамга баскандай» деген эреже (Алимбеков,

1996, 62-б.) менен тарбия ишинин мазмунуна негиз катары алынган баалуулуктар жаш баланын рухуна сиңирүүгө үй-бүлө өзгөчө көңүл бурган.

Балага жакшы тарбия берип, коомго пайдалуу адам катары даярдоо ата-эненин иш-аракеттеринин негизги маңызын түзгөн. Эл оозунда "Уулуң жакшы болсо көркүң жакшы, кызың жакшы болсо кымбатсың", "Жакшы уул асмандагы жылдыз, жакшы кыз жакадагы кундуз" деп айтылган. «Баланын тентек болмогу үйүнөн, эрдин тентек болмогу бийинен», «Балаң пайдалуу болсо, аштыгың айдалуу», «Бала жакшысы-атанын даңкы, кыз жакшысы – эненин даңкы» «Балаң жакшы болсо өргө чыгарат, балаң жаман болсо, көргө тыгат» ж.б. макалдар менен баланын тарбиясы ата-эненин турмушу, жашоосу менен тыгыз байланышта экендигине көңүл бурган.

Кыргыз салттуу тарбия маданиятында курактык, жыныстык жана жеке өзгөчөлүктөрүн эске алуу, баланын инсанын урматтоо менен ага коюлуучу олуттуу талаптардын биримдигине жетишүү негиздерине таянган. Эрте балалыктагы тарбияга өзгөчө көңүл бурулган. Бул тууралуу «Тиши чыккан балага чайнап берген аш болбойт», «Баланы жашынан, музоону башынан» сыяктуу кыргыздын учкул сөздөрү айгинелеп турат. Анткени, адамдын беш жашына чейинки мезгили жигердүү өрчүү учуру болуп түшүндүрүлөт. Ошондуктан эл ортосунда "Бешик баласы беш түлөйт" деп айтылган сөз баланын мүнөзүндөгү өзгөрүүлөрдү билдирет (Каримова, 2012, 69-б.).

Кыргыздарда эненин баланын жөндөмдүүлүгүн эрте туя билүүсү маанилүү феномен болгон. Мисалы: Манас эпосунда, Чыйырды энелик жүрөгү менен Манастын жалпы журттун бактысына жаралган шер экенин туюп, Манасты эл мүдөөсүн аркалаган, чыныгы инсан кылып жетилтүүнү максат кылат. Манастын табиятынан бөтөнчөлүгүн көргөн эне, аны тарбиялоонун майнаптуу амалдарын ойлогон. С. Байгазиев белгилегендей, Чыйырды үчүн баласы Манас – бүркүт. Томого тагылып, туурда байланган балапан чыныгы бүркүт боло албаган сыяктуу, Манасты да жаштайынан эркин тарбиялабаса, анын элин баштаар, айбалтаны аштаар эр болушу күмөн экенин сезген даанышман эне, баланы эркин тарбиялоо идеясын карманат (Каденова, 2018, 68-б.).

**Адептик тарбия жөнүндө**

Адеп – адамдардын коомдогу жана жеке турмушундагы бири-бири менен, коом менен мамилелеринин жана жүрүш-туруш нормаларынын тарыхый жыйындысы. Адептүүлүк адамдардын жеке мамилелерине, коомго жасаган мамилелерине, бири-бири менен жана коом менен карым катнашына, жакшылык-жамандык, абийирдүүлүк, уятсыздык, айкөлдүк, мыкаачылык деген түшүнүктөрдүн негизинде баа берет. Адеп тарбиясы үзгүлтүксүз жараян, ал бала төрөлгөндөн эле баштап, инсандын бүт өмүрү бою улантылат.

Салтуу тарбия системасында адептик баалуулуктарды балага калыптандыруу башкы максат болгон. Ата-эне баланы адептүүлүк жактан туура тарбиялоого, аларга чыныгы адамдык сапаттарды берүүгө жана коомдук турмуш-тиричилигине аралаштырууга түздөн-түз милдеттүү деп эсептелип келген. "Энесин көрүп кызын ал, эшигин көрүп төрүнө өт", "Көргөн көргөнүн жасайт, көсөө түрткөнүн жасайт", "Уядан эмнени көрсө, учканда ошону алат", "Алма сабагынан алыс түшпөйт", «Аганы көрүп ини өсөт, эжени көрүп сиңди өсөт», «Сөз чакырат, үлгү өзүнө тартат», – деген макалдын акыл-ой мурастары балдардын адептик жактан жакшы жүрүм-турумга ээ болушу үй-бүлө турмушунда атасынын же энесинин, ага-эжелеринин, ошондой эле улуу муундагы адамдардын адептүү жүрүш-турушуна, эмгектеги чыгармачылык жакшы иш аракеттерине, жана адамдык сапаттарына жараша түзүүлөрүн далилдейт.

Үлгү көрсөтүү, өзгөчө ата-эненин жеке үлгүсү – элдик тарбиядагы эң күчтүү методдордун бири. Ата-эненин адеп-ахлактык сыпаты, алардын эмгеги, коомдук ишмердүүлүгү, үй-бүлөдөгү өз ара мамиле жана башка адамдарга жасаган мамиле,

буюмдарга жасаган мамилелердин бардыгы балдар үчүн үлгү болуп саналат жана алардын инсан катары калыптануусуна зор таасир берет.

Адамдын адептүүлүгү жана акыл-парасаты, жүрүм-туруму башкаларга жасаган мамилеси аркылуу ыйман, адеп, тарбия дүйнөсүн ишенимин мүнөздөйт. Кыргыз эл педагогикасында балдарды жаштайынан адептүүлүккө үйрөтүп, тарбиялашкан. Буга мисал катары адептүүлүк адам көркү, сөз адеби кымбат, «Адептүү алкыш алат, адепсиз каргыш алат» деген накыл-сөздөр аркылуу кыргыздын көөнөрбөс дөөлөттөрүн байытып, тарбия берүүнүн негизги багытын түзгөн.

Мисалы "Жакшы менен жолдош болсоң жетесиң муратка, жаман менен жолдош болсоң калаарсың уятка", "Ынтымак түбү ийгилик, тирилик түбү бирдик", "Атасы көрбөгөндү уулу көрөт, энеси көрбөгөндү кызы көрөт", "Атанын уулу болуш урмат, элдин уулу болуш кымбат", - сыяктуу элдик педагогикалык үлгү сөздөр баланы ириде адептүү болуу менен ата-энелерин ар убакта ардактап, урмат-сыйга ээ кылууга, үй-бүлө тиричилигинде кездешип калуучу ар кандай кыйынчылыктарды акыл-эстүүлүк менен жеңе билүүгө, үй-бүлөдө ынтымактуу ырыс-кешикти сактай билүүгө чакырган.

Адептик тарбия берүүнүн негизинде балдарды мекенчилдике, меймандостукка, айкөлдүккө тарбиялоонун баалуу каражаты деп эсептешкен. Адамдагы акыл эстүүлүгүк, жөнөкөйлүк, кең пейилдүүлүк, сабырдуулук, адилеттүүлүк сыяктуу асыл сапаттар тарбиялоонун баалуулуктарын камтыйт. Балдарды мекенчилдикке табиялоо жана ата-мекенин манызы адептик барбия жана көөнөрбөс дөөлөттөр менен тыгыз байланышта. Балдардын эрдиги тайманбастыгы эзелтеден келе жаткан кылым карыткан элдин эрдиги, берген тарбиясы болуп эсептелген.

Бүгүнкү күндө адептик таалим-Адам өзү сезбеген, жашоонун манызын түзгөн ар кандай кырдаалдар бар, ага мисал катары "Ата мурасы соолубаган булак", "Адептүүлүк адам көркү" - деген нускалуу кептери ата-энени сыйлоо, урмат-сый менен мамиле жасоо үй-бүлөдөгү ыймандык дөөлөттөрдү таанып билүүгө үйрөтүү адептик тарбиянын негизги максаты.

Элдик педагогикада акыл жана билим адептүүлүк менен байланышта берилет. Анткени, акылдуулук адеп-ахлактын эң эле баалуу жана маанилүү жактарынын бири болуп саналат. Ал адамдын жүрүм-турумунда дайыма негизги орунду ээлеп келген. Ушул айтылган пикирди төмөнкү макал-лакаптар толук тастыктайт: «Акылдуу болсоң адамсың, акылсыз болсоң наадансың», «Акылы аздын азабы көп», «Акылман баштаса төргө, акмак баштаса көргө», «Акылсыз атасын акмалайт» (Шеримбекова, 2016, 21-б.).

Кыргыз баласы саламдашпай сөз баштабайт, айтылган саламды жоопсуз калтырбайт. Конокко барганда же үйгө конок келгенде бөбөктөргө «Канаке абаң менен же эжең менен учурашчы?» - деп атайылап көндүрүшкөн. Эгерде бала өз алдынча саламдашса «Ии кадыресе киши болуп калган турбайбы, азамат!» деп алкаган.

Кыздар келин болгонго чейин улууларга ыйбаа көрсөтүп «амансызбы, арбаңыздар?» деп учурашса, келин болгондон тартып улуулар алдында акырын ийилип жүгүнүп учурашкан.

Кыргыздын турмушунда жаштардын биринчи болуп салам бериши, үйгө карыя киргенде баары жапырт турушуп ызат көрсөтүшү аларды өзгөчө орунга олтургузуу адептик-этикалык маданияттын башкы белгиси болгон.

Балдарды акыйкаттыктан үмүт үзбө, ар кандай иштин акыр түбү чындык гана жеңээрине ынандыруу максатында «Ак ийилет бирок сынбайт» деген макаланы айтышкан. Ошондуктан чындыктан башка эч нерсе түбөлүктүү эмес экендигин, «Кыңыр иш кырк жылда билинип» жашырылган арамза жосун үчүн эртеби кечпи жооп берүүгө туура келерин эскертишип, дайыма чынчылдыкка, адилеттүүлүккө тарбиялап келишкен (Алимбеков, 2018, 87-б.).

**Адеп тарбиясында жети ата феноменинин мааниси**

Кыргыз эли балдардын өсүп-өнүгүүсүндө ата-тегине өзгөчө мамиле кылган. Б.а. тукум куучулук, генине маани берген. «Адам түбүн тартат», «Жакшыдан жакшы туулат, жамандан жаман туулат» - деп айтышкан. «Катын албай кайын ал», «Тектүү жерден кыз ал» деген осуяттар бар. Мындагы «тектүү» деген сөз адамдык сапаттары бийик, нарктуу, өрнөктүү адамдардын мураскери дегендик болуп саналат. Ошондуктан куда сөөк күтүүдө санжырага таянып алардын тегине караган. Кыргыздарда баланын адам болушу ата-энелердин, эл-журттун таалим-тарбия жөрөлгөсүнө байланыштуу карашкан.

Кыргыздарда урпактарды адептүүлүккө тарбиялоо системасында жети ата тарыхын билүү талаптары маанилүү. Анткени үй-бүлө тарбиясы, уруунун, уруктун, топтун, үй-бүлөнүн каада-салттарына, үрп-адаттарына, салтка айланган көнүмүштөрүнө, ата-бабаларынын насааттарына негизделип, ошонун таасиринин негизинде гана улантылган. Адатта санжыра тигил же бул уруунун муундарынын өрнөктүү өмүр жолу, адеп салттары кийинки муунга нускалуу насыят формасында өзүнчө сабак катарында айтылат. Аларга өзүн-өзү тарбиялоо үчүн өрнөк, үлгү катарында сунушталат.

Ата-энелер өз урпактарын коом тарабынан кабыл алынган адеп салттардан четтөө ар намыска доо кетүүчү уят иш деп, аларды сактоого, тарбиялоо үчүн балдардын жорук жосундарын көзөмөлдөп турушкан. Мында деги эле салттуу турмушта балдардын жүрүм-турумуна кайдыгер адам болгон эмес.

Мында санжыра, уруунун, улуттун тарыхын билүү жатат. Ата-бабаларыбыз жети атасын сураса жеткиликтүү билбей, санжырага таң болуп, баштары маң болуп тургандарды: «жети атасын билбеген жетесиз, андан суроо сурап нетесиз», мындайлар жүргөн жерде: «эл бийлээр кыйын болбойт, ордолуу жыйын болбойт» дешип киши катары көргөн эмес. Тарыхын билбегендер кайсаңдаган кайсак делип, сөзгө сөлтүк, кепке кемтик болуп журт алдында сөзгө жыгылган. Аталарыбыз андайлар менен «жети атасын билбеген кул», «тексиз», «жетесиз» деп, сүйлөшпөй да коюшкан. Бул сөздөрдү назарга албагандарды арам менен адалды, ак менен караны этибарга албагандар катары кабылданган. Жети ата салтын жетекчиликке алуу – бул менин жакшы жоругум жети муунга үлгү болот же осол жоруктарым үчүн алды жактагы жети муунум жер карап, кепке кемтик сөзгө сөлтүк болот деген чоң жоопкерчилик түшүнүгү жаткан. Себеби, санжыранын сыры, касиети тарыхтын түпкүрүнө кетип, осуят, мурас катары калтырылган руханий казынанын ачкычы эле. Жети ата тарыхын билүү этнографиянын принциби боюнча санаганда ата бабалардын 175 жылдык турмушун адеп салттарын билип ошолорду карап түздөнүү дегендикке жатат (Алимбеков, 2018, 35-б.). Бул деген санжыраны билген адам 175 жылдык ата-бабаларынын басып өткөн тарыхын, каада-салтын, үрп-адатын, нарк-насилин билген. «Кыргыз санжыраны сактап келген, ал эми санжыра кыргызды сактап келген» - деп айтылат.

Ата тегиндеги улуу сапаттары кийинки урпактарга да өтөөрү, тектүү жерден кыз алуу же кыз берүү кыргыз эли үчүн маанилүү болгон. Мында жубайлардан төрөлүүчү тукумдун б.а. баланын саламаттыгы (муну элдин генеологиялык тазалыгын сактап калуу) жети муун өтмөйүнчө никеге тыюу салынып, жети муундук экзогамия деп аташкан.

Келин алууда же кыз берүүдө тегине, алардын уруусунун тарбиясына маани берилген. Анткени, эгерде жети атасында кандайдыр бир терс окуяга, сапатка ээ болуу болгон болсо бул бүтүндөй уруу, жети атасына чейин көө катары терс аталып келген. Натыйжада балдардын психологиясына чоң кедергисин тийгизген. “Уядан эмнени көрсөң ошону аласың” – дегендей келечек муундун тарбиясы урпагына тартат деп кабылдашкан. Мындан улам улуулар жаштардын кылык-жоругундагы терс көрүнүштөрдү теске салуу иретинде: «Ата-бабаларга жети атаңа кеп тиет» деп эскертишкен.

**Адеп тарбиясында атанын орду жана ролу**

«Үй-бүлөнүн астанасы ата менен башталат» - деп айтышкан кеменгерлер. Ата үй-бүлөдө өзгөчө орунду ээлейт. Ата үйдүн пири, ээси катары кабылданган. Ата кандай гана кырдаалда болбосун баласынын көзөмөлүндө болуп, анын көз жаздымында болгон. Атанын үлгүсү бала үчүн жашоонун өлчөмү, жол көрсөткүчү. Ошондуктан "*Атаны көрүп уул, энени көрүп кыз өсөт*" – деген макал айтылат.

«Аталуу уул - кожолуу кул» дешкен. Атанын айтканы балдарына мыйзам катары эсептелген. Аталар эркек балдарды Ата-Мекенди, элди, Ата-Журтту жана туулган жерди баалоого, көздүн карегиндей сактоого, сүйүүгө, коргоого, эч кимге тепсетпөөгө, ошондой эле эрдик жаратууга, кайраттуулукка үйрөткөн. Ата тарбиясын алган бала ат үстүндө чапчаң, шамдагай, ыкчам жүрө билүүгө, айткан сөз, берген убадага бек болууга тарбияланган.

Ата-эне баланы жараткандыгы үчүн эмес, аны адептүү, акылдуу кылып тарбиялагандыгы үчүн эл алкышына ээ болот. Балдары жаман болуп калган ата-эне элден чыгып, калк жыйналган жерге буту тартпай, кайгы менен үйдө отуруп калат. Мына ошондуктан "Улуу көч каякка барса, кичүү көч ошол жакка барат" деп үй-бүлөдөгү тарбияны кийинкилерге жеткирүү милдет катары эсептешкен.

Кыргыз менталитетинде «атанын жаманы болбойт» - деген салттык түшүнүктү түптөп кеткен (Алимбеков, 2018, 39-б.). Бул туурасында Калыгул насыятында:

Жаман ата болбойт, жаман адам болот,

Бала да эртең ата болот,

Ошон үчүн ата балага

Аска зоо болот коет.

Бала атадан акыл, таалим алат,

Ата дөөлөтү менен өргөөсүнө туу сайылып,

Кермесине күлүк байланат,

Заманга жараша топко аралашып,

Эл башы шайланат.

Атанын кеби – Алаанын кеби (Алимбеков, 2018, 40-б.) – деп баяндаган.

Эне, аял күйөөсүн катуу сыйлаган жана балдарын да атасын сыйлоого тарбиялаган. Атасынан каргыш уккан, анын назарынан калган бала жарыбайт, түбү түз болбойт деп эсептелген. Ушул ишеним «ата каргышы –ок, эне каргышы бок» деп, ислам дининдеги «бейиш энелердин таман астында» бирок эне күйөөсүнүн ыраазычылыгын алмайынча бейишке кирбейт деген толуктоочу эрежесин туйунткан акылдын, жашоонун тажрыйбасы кыргыз салты менен да төп келгендигин баса белгилеп өтүү керек.

Эне дайыма бала тарбиясында атаң эмне дейт, атаң келсин деп урматтап, баалап турган. Мында биринчи эне баланы тарбиялоодогу кылдаттыгын билдирет. Экинчиден атанын ролун арттырат. Үчүнчүдөн ата-эне ич ара мамилесин балдарга билдирип, силер да ата-эне болосуңар, бири-бириңе ушундай болгула – деген насаатты айтышкан. Мында балдардын туюмунда: «Атамды энем баштап сыйлайт тура», «Атамдын айткан айткан» деген ой толгоолордун артында баалуу адеп, тартип жатат. Ошондуктан «ата көргөн ок жонот, эне көргөн тон бычат» деп айтышкан.

**Адеп тарбиясында эненин орду жана ролу**

Балага тарбия берүүдө негизги роль энеге таандык болуп келген. Ошондуктан энесин көрүп кызын ал, эшигин көрүп төрүнө өт», «энеси жамандын баары жаман, атасы

жамандын бирөө жаман» деп айтылат. Энесин көрүп кызын ал дегени, укум-тукум улаган, жан жараткан аялзаты – дүйнөнүн туткасы эмеспи. Эне – бул өзүнүн нукура турпатында, акыл-сезиминде адамзат үчүн дайыма ыйык жана бийик болгон бир туугандыктын, достуктун жана ынтымактын анык жарчысы, бузулбас көпүрөсү. Эгерде үй-бүлөсүндө сүйүктүү мээримдүү эне, жароокер жар болсо кызы дагы мээрман жүрөк, аялзатынын акылманы жана даанышман, бийик адамгерчилиги менен чоңоет. Демек, кыздын бактылуу, адептүү болушуна, кийинки турмушка ыймандуу, эмгекчил, акыл-эстүү бүлө даярдап берүүгө – эне милдеттүү болгон.

Эне - мээримдин булагы. Андагы мээр баладагы сүйүүнү ойготот, курчап турган дүйнөгө, жашоого куштарлантат, ынтызар туйгуларын жаратып, адамдык асыл сапаттарга талпынтат. Мунун өзү үй-бүлө тарбиясындагы баасы жок касиет. Эне тарбиясын алган балада мээр, сүйүү уялайт.

Эненин татыктуу тарбиясын алган балдар үй-бүлөнүн ишенимдүү жардамчысы боло алышкан. Мисалы, кыз бала эненин «Жеңилин жерден, оорун колдон алып», үй ичинин тазалыгын сактап, идиш-аяк кармап, тамак-аш жасаганга көмөктөшсө, эркек бала эненин да, атанын да ишине жардам берип, алардын өйдө чыкса «өбөгү», ылдый түшсө «жөлөгү» болуп, чоң милдет аткарган. Эркек балдар үчүн жалаң эненин тарбиясы жетишсиз болгон. Эркек балага эне адебин үйрөнүп, жүрүм-турум эрежелерин өздөштүрүүдөн тышкары да, «эл четинде жоо бетинде» өзүн татыктуу алып жүрүү үчүн атанын тарбиясын алуу зарылдыгы келип чыккан.

«Балага эне артык, аялга эр артык» дешет кыргыздар. Көчмөн турмушту башынан кечирген элибизде эркек киши көбүнчө үйдөн сырткы иштер менен алек болгон. Ал үй-бүлөнү багыш үчүн мергенчилик кылган, мал баккан, элди, жерди сакташ үчүн жоокерчилик кылган. Башкача айтканда, эркектин ишмердүүлүгү боз үйдөн сырткары дүйнө менен тыгыз байланышта өткөн. Ушундан улам атасы балдарга тарбия берүүдөн алыс болгон. Ал эми кыргызда аял үйдүн куту, очоктун сактоочусу катары кабыл алынган.

Салттуу коомдо, аял өз эрин сыйлоо, урматтоо аркылуу балдарга үлгү-идеал болгон. «Атаңар келе жатат, атын алгыла», «Атаңардын колуна суу куйгула», «Атаңарды төргө өткөргүлө», «Атаңар ооз тиймейинче, тамакка кол салбагыла», «Атаңар бата берсин» - деп балдарды тарбияга чакырган. Ал эми тарбияга баш ийбеген учурда «Сенин кылыгыңды атаңа айтам», - деп баланын терс жүрүш-турушун оңдоого аракет жасаган. Эркек өз учурунда мындай сый мамилеге татыктуу болгон, өзүн адеп-ахлактуулук жактан бийик деңгээлде алып жүргөн. Аялына дайыма колдоо көрсөтүп, зоболосун түшүргөн эмес. Алимбековдун сөзү менен айтканда, эркекти жетик акыл, ак дил, тунук сезим, тең караган калыстык, сылыктык, кичи пейилдик, кайраттуулук, шайырдык, шайдооттуулук сыяктуу изги сапаттар коштоп жүргөн (Алимбеков, 1996, 54-б.).

Эненин какыс-кукусуна ар дайым тигил же бул жоруктан арылтуучу дабаа катары кароо кабылданган. Муну кыргыздарда «Бээ баласын чапчыса да, мерт кылбайт» - деп нускалуу чагылдырган.

**Балдардын адеп тарбиясы**

Кыргыз элинин тарбия концепциясында уул балдар менен кыздардын идеалы алардын үй-бүлөлүк жана коомдук турмуштагы ордуна, функциясына карай өз алдынча, өзгөчө мерчемдер менен аныкталган. Атап айтсак, уул балдарды тарбиялоонун идеалы-байыркы доорлордон азыркы күнгө чейин “Эр жигит” деген түшүнүк менен туюнтулуп келген.

Кыргыз элинин “Эр жигит” жөнүндөгү түшүнүгүндө “Манас” эпосундагы идеалдуу инсан жөнүндөгү адеп-ахлактык чен-өлчөмдөрдүн таасири байкалат. Демек, “Эр жигит” түшүнүгү калайык-калктын уул балдарды тарбиялоого байланышкан акыл туюмунун, тарыхый тажрыйбаларынын туундусу (Алимбеков, 1996, 53-б.).

Эр жигиттик идеалынын мазмуну жалпы адамзаттык нарк-дөөлөттөргө шайкештиги. Ал өнөр-билим, тажрыйбага ээ болуунун, атуулдук жетилүүнун чен-өлчөмү. Элдик макалда, "Жигитке жетимиш өнөр аздык кылат", деп тегин жерден айтылбаса керек. Кыргыз макалдарында "Эр жигиттин" моралдык кодекси эл ичинде эзелтен калыптанган төмөнкүдөй мерчемдер менен мүнөздөлөт: "Атанын уулу болуш урмат, элдин уулу болуш кымбат", "Жигитке бир сыр, жети кыр керек", "Элден безген эр эмес, жоодон качкан шер эмес". "Эр-намыстын кулу", "Эрдин даңкын эмгек чыгарат".

Чыныгы эр жигиттин артыкча ар-намысы, сөздөрүнүн курчу, бекем эрки, өзгөчө сүрү болот. Эр жигит барда да, жокто да ар-намыс менен адамдык наркты бийик сактайт. "Кедей да болсо малдуудай, чырмаган дартка карабай. Чабан да болсо алдуудай, чындык сөзүн бетке айтат, Чангеттен аккан шар суудай" Чыныгы жигит коомчул ыкластын алып жүрүүчүсү караты бааланган. Андайлар "Элдин ишин тууралап, эч кимге кылбайт кыянат, өзүнөн улуу кишиден, адеп сактап уялат", "Кеңешин элге билгизет, береке пейил киргизет. Калк намысын талашат, тууганына туу болот, душманына келгенде, чылап койгон уу болот". (Абдуллаев, Ботобекова, 2016, 115-б.).

Жалпылап айтканда эр жигиттик-жетик акыл, тунук сезим, тең караган калыстык, сылыктык, кичи пейилдик, кайраттуулук; шайырдык, шайдооттук сыяктуу адептик баалуулуктар менен ченелген. Аны дайыма эл мүдөөсү жетектеп, өмүрүн, эмгегин, эрдигин, эл журт тагдырына анын келечек бактысына багыштайт.

**Кыздардын адеп тарбиясы**

Кыргыз эли кичине кезинен эле кыз балдардын кулк- мүнөзүнө кылдат байкоо жүргүзүп, алардын адебине, жүрүм-турум маданиятына катуу талап коюшкан. Кыз баланы психологиялык жана физиологиялык, жаш курактык жана индивидуалдык өзгөчөлүктөр менен өсүп жетилишине, акыл эсин өстүрүүгө, тарбиялоого аракеттенишкен. "Уулдуу болсоң узун сүйлөбө, кыздуу болсоң кыя сүйлөбө" деген макалдары да белгилүү кыздарга коюлган талап, аларды тарбиялоонун көп кырдуу өзгөчөлүгүн мүнөздөп турат. Бул да болсо адеп-ахлактын негизи жана үй-бүлөнү сактоо болуп саналат.

Жакшы энелер кызга жаштайынан турмуштун өйдө-ылдыйына ийкемдүү болуусун үйрөтүп баштайт. 13 жаштагы кыздардын чачын өрүү өзгөчө окуя катары эсептелген. Мында кыздын чачын байбичеге же өзүнүн жакшы касиеттери менен айырмаланган аял кишиге, анын касиеттери кызга жуксун деген ниет менен өрдүрүшкөн.

Кыздардын чачын өрүү менен аны чоңоюп калганын билдирип, кыз балалык кийимин алмаштырып, чапан кийген, ар кандай кооздуктарды тагынган, балдар менен ойнобой, токтоо, уяң, жумшак болууга, улууларга урмат, кичүүлөргө ызат кылууга үндөп, үй ичиндеги жумуштарды аткарууга үйрөтүп, иштүү, колунан ар нерсе келе турган кызды энеси, жеңеси тарбиялаган (Жаныгулов, 2009, 26-б.).

Чач өрүү салты өткөрүлгөндөн баштап кыз бой жетти катары каралып, ага күчөтүлгөн талаптарды коюп, ата-энеси, урук тууганы, айыл аксакалдары анын жүрүм-турумуна, жасаган ишине карата активдүү көзөмөл жүргүзүшкөн. Мындай жалпы көңүл буруу кыз балдардын адеп-ахлактык тарбиясына терең маани берген. Анын бүгүнкү тарбиясы эртеңкисине кедергисин тийгизбесе экен деген таризде көбүрөөк көзөмөлгө алышкан.

Кыргыздарда "кыз - башка үйдүн жарыгы", "энесин көрүп, кызын ал", "Атасы жаман аз-аздан оңолот, энеси жаман эзели оңолбойт" деп бул маселеге өтө жооптуу караган. Башкача айтканда, кызды бүт айылы менен тарбиялаган. Кыз келин болуп барган жерине уят болуп калбашы үчүн толук кандуу тарбия берүүгө энеси жана жеңелери бүт аракеттерин жасашкан. «Кызга ата-эне так жасайт, бак жасабайт» делип кыз баланын камын көрө башташкан. Ошондуктан "Кызга кырк үйдөн тыюу", "Кыздуу болсоң көздүү бол" деген макалдар келип чыккан.

“Кызың жаман болсо жети атаңа жетээр, аттигиниң, деп өмүрүн өтөөр”, Ата-эне, айыл аксакалдары, коңшу-колоң, айыл-апа, акылман энелер эмеспи. Бой тарткан кыздын тарбиясы үчүн бүтүндөй айыл, бүтүндөй уруу жооптуу болгон. Кыз бала күйөөгө кеткиче баарынын көз алдында болгон. Анын абийирдүү барышына кам көрүшкөн. Салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө, кыз бир үйдө чоңойгондон баштап, бүтүндөй коом, тарбиялачу. Кыз дагы туура кабыл алып, ким кандай насаат айтса, ага терикпей, жан дүйнөсүнө сиңирчү. Кыздын тарбиясынын жоопкерчилиги артыкча болгон. Анын башкага бүлө болуп кетиши дайыма көңүлгө тутулган. Начар тарбия алган кыз күйөөгө барса ата – энесин гана эмес, бүт айылын, уруусун сөзгө калтырган. Андыктан кыздын кылык – жоругун, баскан – турганын үй – бүлөсүндөгүлөрдөн сырткары тууган – уругу да тескеген. “Кызга кырк үйдөн тыюу” деген макал ошол себептүү чыккан (Акматалиев, 2000, 348-б.).

Күйөөгө чыга элек кыздар чачын майдалап өрүп жүрүшкөн. Кыз бала өзүнүн кийген кийими, өргөн чачы менен келиндерден айырмаланган. Атасынын төрүндө отурган кыз «Жакшы кыз – жакадагы кундуз», «Гүл өссө – жердин көркү, кыз өссө – элдин көркү», “Кыз кылыгы менен жакшы, ийне учугу менен жакшы», «Калыңсыз кыз болсо да, каадасыз кыз болбойт», «Кыз баласы кызыктырат», «Кыздын сулуу болушу кудайдан, улуу болушу өзүнөн» сыяктуу эзелтен мыйзамга айланып калган эрежелерди сакташы керек. Мунун баары кыз баланы адептүүлүккө, тазалыкка гана тарбиялоо болбостон, анын жакшы жерге барып, орун-очок алып, болочок үй-бүлөсүндө бактылуу жашашы үчүн алдын ала көрүлгөн камкордук болуп саналат. Ошондуктан *''Кызды тарбиялоо, кылымдык иш'', дешчү.*

Кыргыздар “Кыздын кырк чачы улуу» деп кыздарды сыйлап өзгөчө мамиле жасашкан, үйгө көрк берген гүлдөй тутуп аны назик асырап алышкан. Кыз өзүнүн үйүндө мейман деп саналгандыктан, бир эле өзүнүн үй-бүлөсүнө эмес, туугандарына, кошуналарына, бир көчөдө жашагандарга тегиз, түз, калыс, жылуу мамиле жасап, аларды сыйлап, ыйбаа кылып, улууларга адептүүлүгүн көрсөтүп, кичүүлөрүнө үлгү болуп өскөн.

Кыз бала эркек кишиге тике карабайт, бирөөнүн көзүнчө керилип – чоюлбайт, керилгени эрге тийгиси келгендигинин белгиси деп тыйган. Эркек адамдын алдынан өтпөйт, эркектин жолу буулуп калат, кыз киши эркек баланы теппейт деген тыюулар бузулбай сакталган. Уул баланын кийимин, ошондой эле күйөөсү бар келиндин кийимин да кыздар кийбеген. Кыздын отуруп – турганы, тамак ичкени, мейманга чай сунганы, бирөөлөр менен саламдашканы, сүйлөгөнү, күлгөнү баары көзөмөлдө болгон. Мындай көзөмөл кыздын адептүү өсүшүнө, жакшы жар, эне болушуна көрүлгөн камкордук катары гана каралган (Акматалиев, 1993).

«Эне жакшы – кыз жакшы», «Энесин көрүп, кызын ал, эшигин көрүп, төрүнө өт», «Энеден тарбия башталат, эне тилден улут сакталат» деген макалдар кыз баланын адептүү тарбияланышында эненин орду бөтөнчө экенин айтып турат.

Эненин коомдогу орду, абийири, кадыры, дегеле, абалы анын кызынын тагдырын чечүүдө бирден-бир негиз болгон. Кызы эстүү чыкса, коомчулук, оболу, энесин мактаган, акылсыз болсо, энесине сөз тийген. Ошол эле учурда атанын абалы да кыз үчүн маанилүү болгон. «Мата даңкы менен бөз өтөт, ата даңкы менен кыз өтөт». Демек, атасы коомдо атак-даңкы бар, кадырлуу инсан болсо, ал кызынын тагдырына түздөн-түз таасир берген, тескерисинче болсо, залакасын тийгизген. «Арык атка туз бербе, акылсызга кыз бербе», «Кыздуу кыраң ашат» сыяктуу макал-ылакаптар кыз баланын турмушка аттануусунда ата-энесинин негизги милдетти өтөөрүн чагылдырып турат.

**Тарбиялоодо коомдук көзөмөл**

Баланын тарбиясы, дүйнө таанымы жөнүндөгү маселелерге кыргыз эли өтө кылдат мамиле жасап келишкен. Ата-эне эң биринчи бала үчүн кам көрүшсө, жалпы айыл, аксакалдар кимдин баласы экенине карабай бир кызыкчылыкта көзгө түшкөн балага кези келгенде тарбиялык насаат сөздөрүн айтышып жүрүшкөн. Аксакалдар көчөдө өзүн туура эмес алып жүргөн балдарды көрүшсө, алдыларына чакырышып

алышып, “кимдин баласысың?”, “эмне үчүн анттиң-минттиң” дешип, сурамжылашып, өздөрүнүн акыл-насааттарын беришчү. Мындай тарбиялык иштин мааниси өтө таасирдүү болгон. Себеби алар кээ бир адамдардын балдарынын коомдук жерде өздөрүн жаман алып жүрүшкөндүктөрүн аш-тойлордо айтып жиберишчү.

Көчөдө болобу, дасторкондун үстүндө болобу жаштардын жоосунсуз жоругуна күбө болуп калган шартта карыялар аларды тыйып, ыйман адепке чакырып, эскертүү жасоого акылуу болгон. Балдар алардын кеңешин кыңк этпей аткарышкан. Х. Карасаев «Карыялар айланасында ойноп жаткан балдардын кээ бири тентектик кылса, дароо ага акыл айтып, тил албаса, урушуп койчу. Дегеле бир жерден тентекти көрсө, аны чакырып алып, акыл сөзүн айтчу. Кимдин баласы экендигине чейин сурачу. Ошондуктан кары адамдын көзүнчө балдар тентектик кылышчу эмес» (Карасаев, 2001, 398-б.).

Элдик педагогика тарбиялоонун мажбурлоо, жазалоо, уяткаруу, тыюу салуу, күнөөлөө сыяктуу методдорун да көз жаздымда калтырган эмес. Элде жосунсуз жоруктар менен татыксыз жүрүм-турумдар оозеки формада айтылган. Кээ бир бейадеп кыздарга карата «Бул кыз эне көргөнбү» же балдарга карата «Ата көрбөгөн бала окшойт» деген баалардын берилиши алардын ошол тарбиясындагы бир кенемтени көрсөтүп берип атат. Мындай айыптоолор бала өз күнөөсү менен жаңылыштыгын сезди, эми аларды кайталабайт деген ынанымдар менен коштолот. Уяткаруу ата-эне тарабынан сейрек колдонулса да, алдын алуунун тарбиялык иш-чарасы катары элдик педагогикада өзөктүү орунду ээлеген.

## Корутунду

Кыргыздарда үй-бүлөдө адептик баалуулуктарды калыптандыруу жараяны болочок ата-эне болуучу жарды тандоо менен башталат десек аша чапкан болбойт. Анткени куда күтүүдө алгач келин же күйөө баланын тегин суроо, санжыраны билүү чоң мааниге ээ. Тагырак айтканда жети атасын билүү, мында бир гана тарых менен чектелбестен, «уядан эмнени көрсө ошону алат» - дегендей болочок балдарды тарбиялоочу ата-эненин теги, нарк-нсилдүү, адеп тарбиясына да көңүл бурулган. Урууусундагы бир жетишкендик урпагына позитивдүүлүк тартууласа, урууусундагы кемтик, өксүк сыяктуу терс көрүнүштөр да урпагына лакап болуп, андан тарагандар да осол болуп, сөзгө калышкан. Мына ошондон жета ата феномени салттуу тарбияда адептик баалуулуктардын орду талашсыз экендигин тастыктайт.

Салттуу тарбиялоо жараянында эркек балдарга адептик баалуулуктарды «эр жигиттик» түшүнүгүндө, кыздарга «кызга кырк үйдөн тыюу» түшүнүгүндө калыптандыруу менен ишке ашып келген.

Салттуу тарбия демекчи ата-бабалардан калган нускалуу сөздөр, макал-лакаптар адептик тарбиялоодо элдин эмприкалык мурасы катары орду жана ролун баса белгилеп өтүү кажет. Мына ошондуктан кыргыздарда «Адеп башаты – тил» - деп, адептик тарбиялоодо, негизи эле тарбиялоо жараянында балдарга кичине кезинен бери эле баштап адептүүлүктү кулагына куюп, сезимдерине сиңирип, үзгүлтүксүз жалпы урyу тарбиялап келишкендигин айтууга болот.

## Колдонулган адабияттар


Абдуллаев, Р.М., Ботобекова, Д. (2016). Адеп-ахлакка тарбиялоодо элдик педагогика каражаттарынан пайдалануу, *Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана* №8. 114-116.

Акматалиев, А. (1993). *Баба салты, эне адеби: элдик салт*. – Б.: Баласагын. - 115.

Акматалиев, А. (2000). *Кыргыздын көөнөрбөс дөөлөттөрү*. – Б.: Шам. – 348.

Алимбеков, А. (1996). *Кыргыз этнопедагогикасы.1-бөлүк*.-Бишкек.-69 б.

Алимбеков, А. (2018). *Кыргыз эл педагогикасындагы адеп тарбиясы*. – Б.: «Улуу Тоолор». – 112 б.

Жаныгулов К. (2009). *Кыргыз эл акындарынын мурастарындагы балдардын жаш курак мезгилине байланыштуу таалим-тарбиялык ойлорун үзгүлтүксүз окуу процессинде колдонуу (XIX-XX к.)*. Канд. диссертация. Бишкек. – 150.

Каденова, Ж. (2018) *«Манас» эпосунда бала манастын инсан, патриот катары калыптанышында элдик тарбия салттарынын ролу*. канд. диссертация, Ош, -170 б.

Карасаев, Х. (2001). *Хусейин наама: (Баштан өткөндөр)*. Б.-«Кыргызстан», -485 б.

Карасартова Ж.Б., Имангазиева Р.У., (2015). Мугалимдердин ата-энелер менен иштөө компетенттүүлүгүн калыптандыруунун социалдык-педагогикалык шарттары, *Народное образование. Педагогика. Методика преподавания. Вестник Иссык-Кульского университета*, №40, https://libraryiksu.kg/public/assets/upload/vestnik/ISUKARASARTOVA2015-40(II).pdf5f8936f48d41f.pdf. 08.08.2021

Каримова, Б.А. (2012). Үй-бүлөдө балдарды тарбиялоодо элдик педагогикага таянуу *М. Р. Рыскулбеков атындагы кыргыз экономикалык ун-нин кабарлары*. №3 (22).– 68-71 б.

Шеримбекова, А. (2016). *Молдо Кылыч Шамыркан уулунун чыгармаларындагы педагогикалык ойлор*. канд. диссертация. Бишкек. -204 б.